Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 9 ЧЕЧИМИ

Таш-Көмүр шаары

13.04.2022-жыл

**Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай шаарчасынын 16 шайлоочуларынын "Ынтымак" саясий партиясынан талапкер Султаналиев Жыргалбектин депутаттык мандатты алуусуна каршылыгы боюнча" жазган арызы жөнүндө.**

Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай шаарчасынын 16 шайлоочуларынын 2022-жылдын 12-апрелинде "Ынтымак" саясий партиясынан талапкер Султаналиев Жыргалбектин депутаттык мандатты алуусуна каршылыгы боюнча" арызы келип түшкөн. Арызда көрсөтүлгөн дооматтарды кароо аймактык шайлоо комиссиясынын компетенциясына кирбейт. Ж.Султаналиев талапкерлиги "Ынтымак" саясий партиясынан көрсөтүлгөн жана документтерин тапшырган убакытта каттабай коюуга негиз болгон эмес.

"Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3 - беренесинин 4,6- пунктарын жана 53-беренесин жетекчиликке алып, Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 3 - беренесинин 4,6- пунктары жана 53-беренеси бузулбагандыгы белгиленсин.
2. Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай шаарчасынын 16 шайлоочуларынын 2022-жылдын 12-апрелинде "Ынтымак" саясий партиясынан талапкер Султаналиев Жыргалбектин депутаттык мандатты алуусуна каршылыгы боюнча" арызды кароо аймактык шайлоо комиссиясынын компетенциясына кирбегендигине байланыштуу, канаттандыруудан баш тартылсын.
3. Чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына жана арыз ээлерине маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиянын катчысы: Б.Дуйшебаева